Жарадар жүрөк

Сөзү: Узенов Урмат

Обону: Джумабеков Арсен

Адат менен өткөн түн эле,

Эсимде жок, түнкү үч беле?

Байкамаксан бийлеп,

Кирпиктерин ирмейт, тимеле.

Токтой турчу, кетпе, каралдым,

Билбейм жаным, неге барамын,

Балким, сенде мен издеген сүйүү таңы.

Кайырма:

Оо, жаралуу жүрөк,

Оо, жалынып сүйлөйт.

Оо, кечирчи мени,

Колуңду берчи.

Сүйөмүн дечи,

Сүйөмүн дечи…

Кагылгандай жыла албай калдым,

Кабыландай сенин кабагың.

Какпайт белең мени,

Жүрөк деми эми ээриди.

Баарын айтам, сөзгө бек турдум,

Баратканмын, бирок шарт бурдум.

Алсыздандым, айта албадым сага баарын.

Кайырма:

Оо, сүйүп барамын,

Оо, күйүп жанамын.

Оо, куткарчы мени,

Колуңду берчи.

Сүйөмүн дечи,

Сүйөмүн дечи.